КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ

ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

2024-жылдын 27-январындагы № 21 Бишкек шаары

## Инфляциянын иш жүзүндөгү деңгээлине индексациялоону эске алуу менен 2024-жылга карата «Бишкек жылуулук тармагындагы» «Электр станциялары» ААКт ын филиалынын тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошууга төлөмдүн базалык өлчөмүн бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө» мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 10-февралындагы №100 «Кыргыз Республикасында техникалык шарттарды берүүнүн жана инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына кошуу тартибинин эрежесин бекитүү жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык **буйрук кылам:**

1. 2024-жылдын 1-февралынан тартып индексациялоону эске алуу менен «Бишкек жылуулук тармагындагы» «Электр станциялары» ачык акционердик коомунун филиалынын тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмү 1 Гкал/саат жылуулук энергиясына 5 821,23 миң сом өлчөмүндө бекитилсин (салыктарды эсепке албаганда).
2. Ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмү Бишкек шаарындагы жылуулук менен жабдуучу мекемелер үчүн бирдиктүү көрсөткүч болуп аныкталсын.
3. Бишкек шаарынын жылуулук менен жабдуучу мекемелери ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген өлчөмдө өздөрүнүн тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмүн колдонушсун.
4. Жылуулук менен жабдуучу мекемелер 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке (мындан ары-Департамент) технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмүн колдонуу боюнча отчетторду берсин.

5. 2024-жылдын 1-февралынан тартып Департаменттин 2023-жылдын 20-февралындагы № 26 «Бишкек шаарынын жылуулук менен камсыздоочу мекемелеринин тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмүн бекитүү жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту «Бишкек жылуулук тармагы» «Электр станциялары» ААКтын филиалынын дарегине жиберсин.

7. Маалымат-катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**